**АБДУРАИМОВА З.С. , БАБАЕВ М.Д.,**
*Ош МУ*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОЦЕССТЕ ОЮНДУН РОЛУ ЖАНА ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

*Макалада педагогикалык процессте оюндун ролу жана тарбиялык мааниси жөнүндө сөз болот.*

*В статье говорится о роли игры и его воспитательное значении в педагогическом процессе.*

The article is about the necessity of using games in the process of preparation of the future pupils of 1st grade of school and its up bringing meaning

Түйүндүү сөздөр: үй бүлө, оюн, тарбия, каражат, мүнөз, мектепке даярдоо, жоопкерчилик, талап, ден соолук, ой жүгүртүү.

Мектеп жашына чейинки баланын турмушунда оюн маанилүү орунду ээлейт жана негизги ишмердүүлүгү болуп эсептелет. Оюн процессинде бала өзүнүн керектөөсүн канааттандырат, активдүүлүгү, сөз байлыгы артат, акылы өсөт, мамилелешүүсү активдешет, өз ара сыйлашуу, эрежелерге баш ийүү, коллективизм, достук, ж.б. нравалык сапаттары калыптанат. Оюн- баланын ар тараптан өнүгүшүнүн каражаты. Горький :“ Оюн - бала жашаган чөйрөнү таанып билүүнүн жолу”- деп айткан.(5.81.)

Баланын мүнөзүндө моралдык эрктин баалуу сапаттарын: кайраттуулукту, туруктуулукту, чынчылдыкты, бир-бирине жардамдашуу, коллективге баш ийүү, өзүнүн күчүнө ишенүү сезимин пайда кылууда оюндар тарбиялык эө жакшы курал болот.

Албетте, бул максатка жакшы уюштурулган оюн аркылуу гана жетишүүгө мүмкүн экендиги баарыбызга маалым.

Н.К.Крупская: “Мектепке чейинки балдар үчүн оюн негизги ролду ойнойт. Алар үчүн оюн-окуу, оюн- эмгек, оюн- тарбиянын негизги формасы боло алат. Балдар оюн аркылуу айлана –чөйрөнү таанийт”. ( 6.334.)

Көрүнүктүү педагог А.П.Усова адеп тарбиясынын каражаты катары элдик кыймылдуу оюндарды жогору баалаган.

“Элдик кыймылдуу оюндар- коллективдүү оюндар болуп саналат, бүткүл коллективдин алдында жоопкерчилик сезимине тарбиялайт. Ошону менен бирге бул оюндарда балдардын өз алдынчалыгы жокко чыгарылбайт. Баладагы ар түрдүү пайдалуу сезимди ойготот”. (10.10.)

Оюндар балдардын күндөлүк турмушунда кеөири пайдаланылат. Ар түрдүү оюндардын арасынан кыймылдуу оюндар өзгөчө мааниге ээ, анткени ойноочу балдардын бардыгы сөзсүз түрдө активдүү кыймыл –аракеттерге тартылат. Бул оюндардын сюжети эрежелер менен шартталган.

Элдик оюндар баланын акылына, мүнөзүнө, эркине таасир тийгизип, адеп сезимин өстүрөт, денесин чыңдайт.

В.В.Горневский: “ Бардык элдерде элдин турмушун кандайдыр бир даражага чейин мүнөздөгөн оюндардын аздыр- көптүр бир топ запастары бар” - деп жазган. ( 4.17).

Орустун алдыөкы окумуштуулары П.В.Лесгафт, Е.А.Покровсий, В.В.Горевский баланын ден соолугун чыңдоодогу, алардын белгилүү бир машыгууларга ээ болуусунда кыймылдуу оюндардын маанилүү ролун эске алуу менен оюндарды чогултууга жана үйрөнүүгө көп көңүл бурушкан. Алар бул оюндардын балдардын денесин өнүктүрүүдөгү маанисин түшүндүрүшкөн жана аларды өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоонун системасына практикалык жактан киргизүүнү ар кандай жолдор менен үгүттөшкөн.

Л.И.Чулицкая, Е.А.Аркин,М.М.Конторович, Н.А.Метлов, Л.И.Михайлова, кийинчерээкЗ.М.Богусловская, А.И.Быкова,

А.И.Сорокина,Е.Г.Батурина, Н.Г.Кожевникова, Н.Н.Кильпио ж.б. педагогдор мектепке чейинки жаштагы балдар үчүн кыймылдуу оюндарды изилдеп үйрөнүү иштерин жүргүзүшкөн.

Педагогикалык ишмердүүлүктө элдик, анын ичинде оюн традицияларынын ролун белгилүү советтик педагогдор Н.А.Константинов, Е.Н.Медынский, И.Т.Огородников, Б.Т.Лихачев, М.Ф.Шабаевдер жогору баалашкан.

Оюндар- табияттагы адам баласы ойлоп тапкан улуу кереметтердин кереметти. Алардын балдарды тарбиялоодо мааниси өтө чоө экендигин академик Г.Н.Волков өзүнүн эмгектеринде баса белгилеген. “ Оюнда сөз , обон, кыймылдар тыгыз байланышта болушат. Оюндар- балдардын ишмердүүлүгүнүн бай жана ар тараптуу сферасы. Оюн менен бирге балдардын жашоосуна жаөы искусство келет. Оюндар ыр, бий, жомок, табышмактар,жаөылмачтар ж.б. элдик педагогиканын каражаттары болгон элдик чыгармачылыктын түрлөрү менен байланыштуу болот. Алар турмуштун сабактары, балага башка балдар менен мамилелешүүнү үйрөтөт”,- дейт орустун белгилүү окумуштуу педагогу Г.Н.Волков.(3.134.)

Орустун улуу педагогу К.Д.Ушинский оюндарда күчтүү тарбиялык каражатты көрө билген. Баланын өз алдынчалуулугун тарбиялоонун каражаты катары оюнга чоө маани берүү менен балдар менен ойноп жатып, алардын элестетүүсүн өнүктүрүү жөнүндө кам көрүп, балдардын мүнөзүн туура калыптандыруу керек деп эсептеген. Баланын личностун өнүктүрүү үчүн оюндун маанисин жогору баалоо менен, Ушинский “ оюнда бала жашайт жана ал жашоонун издери эсте терең калат” – деп айткан.(11. 437.)

А.С.Макаренконун пикири боюнча оюндарда жаш бала пассивдүү көрүүчү болуп гана тим болбостон, тескерисинче кыйынчылыкты жеңүүгө, жаңы нерсени жаратууга аракет кылуусу керек. "“Ар бир жакшы оюнда баарынан мурда иштөө аракети, ойлонуу аракети бар… Күч, аракетсиз оюн, эптеп эле ойномуш болуу – дайыма жаман оюн. Жакшы оюн- мыкты иш сыяктуу эле дайыма баланы кубанычка бөлөйт, ошол оюнда иштегендей эле жоопкерчилик бар”-деп жазган А.С.Макаренко. ( 7.374).

Оюндун көптөгөн изилдөөчүлөрү анын баланы турмушка жана жашоого үйрөтөрүн айтып келишкен. П.П.Блонский оюнду баланы ар тараптан өнүктүрүүчү “улуу окутуучу” деп атаган. (2.304).

Оюндун өзгөчөлүгүн профессор Е.А.Аркин “Оюн- бул баланы келечек жашоого даярдоочу баштапкы мектеп,”- деп образдуу белгилеген. (1.347).

Кыргыз эл оюндарын тактоо, кайра иштеп чыгуу, эрежелерин толуктоо, эл ичинен жыйноо, басып чыгаруу, илимий жактан изилдөө маселелери тиешелүү деңгээлде колго алынып, айрым атуулдар- З.Бектенов, Ю. Мусинов (“ Кыргыз эл оюндары”-Ф.,1978.) , С.Токторбаев (“ Өспүрүмдөр оюндары” –Б.,1991.), С.Саипбаев “ Кыргыз оюндарынын педагогикалык маанисин “чечмелеп, мугалимдерге сунуштаган. (Саипбаев С. Кыргыз оюндарынын педагогикалык мааниси .-Ф.,1976).

Оюндар – балдардын сүйүктүү жана негизги иши. Оюндар аркылуу көп учурда татаал нерселер балдар үчүн жеткилеө, түшүнүктүү болуп калат.

Мектепке даярдоо тайпасындагы балдардын оюндарына өзгөчө көңүл буруу талап кылынат. Бул курактагы балдардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү болуп төмөнкүлөр эсептелет: булчуө күчтөрүнүн жетишсиз өнүгүшү, кыймылга болгон муктаждыгы жана эмоционалдуулугу, салыштырмалуу тез чарчашы, эрктик жана башка сапаттардын жетишсиз өнүгүүсү. ж.б.

Туура уюштурулган оюндар балдардын көңүлүн көтөрүп, жамаатка арлашуусуна мүмкүнчүлүк түзөт. Албетте, балдардын оюнун уюштурууда мугалимдин жоопкерчилигин баса белгилөө зарыл. Анткени, алар оюнга жетекчилик кылуу менен чектелбестен, оюндун эрежеси, анын техникалык коопсуздугу, оюндар өткөрүлүүчү жердин шарттары менен да тааныш болуусу керек. Ошону менен бирге баланын мүнөзүндө баалуу сапаттардан болгон кайраттуулук, туруктуулук, чынчылдык, бири-бирине жардамдашуу, коллективге баш ийүү, өзүнүн күчүнө ишенүү сезимдерин пайда

кылууда оюндар тарбиялоонун ээ күчтүү каражаты боло алат. Мектепке даярдоо тайпасындагы балдар үчүн окуу жана оюн өз ара байланышта өтөт. Заниятиеде үйрөнгөнүн бала өз алдынча ойногон учурда да колдонот. Демек, бул окуу материалын жакшы өздөштүрүүгө жардам берет.

Баланын кебинин өнүгүүсүнө, айлана – чөйрөнү байкап, таанууга жардам берүүчү дидактикалык оюндарга өзгөчө рол таандык. Бул оюндар балдардын ой жүгүртүүсүнө көмөктөшөт, эркин чыңайт, түшүнүгүн арттырат, акылды өстүрөт, мүнөздү, эркти, адептүүлүктү калыптандырат.

Даярдоо тайпасында иштеген мугалимдердин балдарга оюндун шартын түшүндүрүүсү өзгөчө мааниге ээ. Адегенде оюндун аталышын жарыялап, анын максатын, эрежелерин, мүмкүн эмес болгон аракеттерди толук жеткиликтүү айтуу керек.

Оюнду түшүндүрүүгө төмөндөгүдөй талаптар коюлат:

1. Түшүндүрүү так, ачык- айкын, кыска, оюнга катышуучулардын аракети, эрежеси, кандай жайгашуусу көрсөтүлөт.

Балдар ойногонду жакшы көрөт. Мугалим боло турган оюнду жарыялаганда алар ошол оюнду тезирээк баштоону каалашат. Оюндун маңызын жеткире албаган,узакка созулган баяндоо балдардын оюнга чейинки толкунданган абалына туура келбейт да, кабыл алуунун тактыгына жана тайпанын тартибине терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

2. Оюндун шартын түшүндүрүүдө балдардын сөздүк запасына, билим жана көндүмдөрүнө таянып,алар түшүнбөгөн терминдерди пайдаланууга болбойт.

3. Оюндун шартын түшүндүрүүдө мугалим сөздү өтө этияттап, билгичтик менен эбин таап пайдалануу керек. Эгерде мугалим оюндун шартын түшүндүрүп жатып, андагы кыймыл – аракеттерди жогорку сезим менен колдун күчтүү жаөсоолору менен түшүндүрсө, балдар аны түздөн түз кабыл алышы мүмкүн. Мугалим түшүндүрүүнүн кайсы бөлүгү, кайсы сөздөр менен күчөтүлөөрүн алдын ала өзү үчүн белгилеп алышы керек.

Жыйынтыктап айтканда, оюн баланы мектепке даярдоонун эң сонун каражаты болуп саналат деп айтсак жаөылышбайбыз.

**Адабияттар**

1. Аркин Е.А. Родителям о воспитании.-М., 1957.
2. Блонский П.П. Избранное педагогическое и психологическое сочинение. 2-х томах. 1том. –М., 1979.
3. Волков Н.Г. Этнопедагогика –М., 2000.
4. Горневский В.В. ж.б. Оюндар жана көңүл ачуулар.М-Л., 1924.
5. Горький М. Речь на заседании “Лиги социального восспитания” –М.,1958.
6. Крупская Н.К. Пед. Соч. т.6.-М.,
7. Макаренко А.С. О воспитании молодежи. Пед.соч.т.6.-М., 19
8. Саипбаев С. Кыргыз оюндарынын педагогикалык мааниси. –Ф.,1976.
9. Сатиев Т., Идаев Б . Кыймылдуу оюндар. Ош-2004.
10. Усова А.П. Русское народное творчество в детском саду.-М.,1972.
11. Ушинский К.Д. О народности в общественном воспитании. Соб. Соч.т.8.-Л.,1956.